Аймактык башкаруу жана өнүгүү:

өнүгүүнүн административдик-буйрук берүүчү жана прогрессивдүү жолу ортосундагы тандоо

Надежда ДОБРЕЦОВА
бул макаланы эксперттер менен өткөрүлгөн талкуунун жыйынтыктары боюнча, жеткиликтүү булактар менен таанышып чыгып, Литва Республикасына болгон окуу сапарынын натыйжасында даярдады. Макала алдын ала жасалган сереп мүнөзүндө жазылды. Автор "Кыргыз Республикасындагы регионалдык саясаттын мүмкүн болгон максаттары" аттуу теманы талкуулагысы келген адамдарды NDobretsova@dpi.kg электрондук дарегине кат æàçóóãà ÷àêû ðàò.

2018-жыл Аймактарды өнүктүрүү жылы деп Кыргыз Республикасынын Президентинин демилгеси менен жөн жеринен жарыяланган жок. Өндүрүш деңгээли, жашоо сапаты, жарандардын өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүктөрү ортосундагы чоң аймактык ажырымдар Кыргызстандын экономикалык, саясий жана социалдык бүтүндүгүнө коркунуч жаратууда. Коомдун бардык катмары, башкаруу системасынын бардык бөлүктөрү көйгөйдү тигил же бул деңгээлинде түшүнүп жатышат. Бирок ошол эле маалда бул көйгөйдү ар ким өзүнүн көз карашынан баалоодо. Бул болсо ошол адамдын жеке турмуштук тажрыйбасы, билими, кызматы, жеке максаттары жана башкалар менен шартталган. Регионалдык өнүктүрүү деп эмнени эсептесе болот жана муну кантип башкаруу керек деген маселеде бирдей түшүнүк өлкөдө жок. Бирок мындай түшүнүктүн башкаруу системасында, чечим кабыл алган адамдарда жоктугу баарынан оор маселе болуп турат. Ошондуктан регионалдык саясатты иштеп чыгуу бөлүгүндө КР Президентинин Жарлыгын ишке ашырууда алгачкы кадам – мазмунун туура белгилеп алуу, биз регионалдык өнүгүү деп эмнени эсептей турганыбызды, алдыга кандай максаттарды жана тапшырмаларды коюп жатканыбызды аныктоо. Ошондон кийин гана аймактарды өнүктүрүү саясатын ишке ашыруунун ыкмаларын жана формаларын аныктап алуу мүмкүн болот. Бул макала ошол суроолорго жооп берүүгө аракет жасайт. Макала соңку тыянак деген макамды талашпайт жана бардык жерде колдонулчу рецепттерди сунуштаган жери жок. Бирок эксперттерди жана саясатчыларды ушул багытта ой жүгүртүп көрүүгө түртүшү толук ыктымал.

Регион – бул окшош жана бири-бирин толуктап турган, өзүнүн ички жана тышкы байланыштарына ээ болгон аймактардын (муниципалитеттердин) бирикмеси. Регион пландоо, конкреттүү чөйрөдө же бир нече чөйрөлөрдүн (темалардын) жыйындысында таасир тийгизүү объектиси болуп саналат. Региондун "темасына" жараша алардын аймактык чек аралары дал келбеши мүмкүн. Бир эле маалда регионалдык маселелер боюнча жетиштүү башкаруу системасы болушу мүмкүн жана жалпы өлкөлүк башкаруу системасынын бир бөлүгү болуп саналат.

Аймактарды өнүктүрүү деген эмне жана ал кандай максаттарды көздөйт?

Башкаруу тууралуу илимде "регион" түшүнүгүнүн бир катар аныктамалары бар. Алар ар түрдүү, бирок